2022-2023-окуу жылы №4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мүчөлөрү менен өткөрүлгөн чогулуштун

№1 Токтому

30.08.2022.

Усулдук бирикменин мучолору:

Токтосунова Б.Ж.

Султанмуратова Н.А.

Качыбекова А.К.

Джайлообаева Д.Д.

Абышева Т.А.

Каралуучу маселе:

1. 2021-2022-окуу жылында аткарылган иш чараларга анализ;
2. 2022-2023-окуу жылында өткөрүлө турган иш-чаралар, милдеттер;
3. Жат жазуу,дил баян,баяндама,тест, жазуу дептерлерин уюштурууда бирдей талаптарды иштеп чыгуу.

Мектеп директору Султанова З. А. катышты.

Угулду:

Султанова З. А.( мектеп директору):

-Саламатсынарбы, урматтуу мугалимдер!

Scanned by TapScanner

2021-2022-окуу жылында биздин мектепке жигердуу жылдардан болду десем жанылышпайм. Мектепте жыл ичинде белгиленген иш-чараларды бардыгы план боюнча ишке ашырылды. Ар түрдүү кароо- сынактар,дебаттар,кечелер байма-бай өтүлүп турду.Быйылкы окуу жылында ЖТРдин баллы 146 болду, ага бизди 11-классындагы окуучубуз Жыргалбек кызы Анара ээ болду.

Чыгып сүйлөгөндөр:

Качыбекова А.К. ( усулдук бирикменин жетекчиси):

-Окуу жылынын башында пландаштырылгандай ар бир мугалим календарлык - тематикалык пландын негизинде окуу программасын толук өткөндүгүн жана программа аткарылгандыгын белгилешти.

Өткөн окуу жылынын башында белгиленген пландар боюнча ар бир мугалим тийиштүү ачык сабактарын жана класстан тышкаркы иш чараларын өтүшкөнү белгиленди.Шаардык семинарга ачык сабактарын,сармерден өтүп беришти.

Жогорудагылардын баарын угуп жана талкуулап чогулуш

**чечим кылат**:

1.Кыргыз тили жана адабияты бирикмесинин 2021-2022-окуу жылындагы өтүлгөн иш-чаралар канаттандырлаарлык деп табылсын;

2.Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгү күчөтүлсүн;
3.Ар бир предметтик мугалим чыгармачылык менен жигердуу иш алып баруусу милдеттендирилсин;

2-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Качыбекова Айнура төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

Scanned by TapScanner

- 2022-2023-окуу жылында август кенешмесинде ар бир предметтик мугалим өзүнүн предметтик өзгөрүүлөрү менен таанышып келишти. Ошонун негизинде окуучуларга китептер таратылып, мугалимдерге жылдык жүктөмдөрү бөлүштүрүп бекитилди.

Качыбекова А - 18 саат 5-б.,в класс, 7-а класстары

Токтосунова Б – 17 саат 5-а класс,8-в класс,10- класс

Султанмуратова Н- 23 саат 6-а,б класс,9-а класс,11-класс

Джайлообаева Д-17 саат 7-б,в класс,9-в класс
Абышева Т -15 саат 8-а,б класс, 9-б класс

Мугалимдер базистик окуу планынын талабына ылайык, жылдык календардык пландарын тактап, пландары ЖРТга, олимпиадага, Piza STEM сынактарына ылайыктап түзүлүүсү айтылды.

Окуучуларга көбүрөөк ушул багытта окутулуп, даярдалуусу эскертилди.

Жогорудагылардын баарын угуп, талкуулап чогулуш

**чечим кылат:**

1.2022-2023-окуу жылында каралган маселелер жана милдеттер аткарылышы усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнө милдеттендирилсин.

2.Календарлык пландар ЖРТга, предметтик олимпиадага, Piza STEMди тараптарын эске алуу менен түзүлүп, окутуу ошол сынактардын талабына ылайык түзүлсүн;

3.Токтомдун аткарылышы усулдун бирикменин жетекчиси Качыбекова Айнурага милдеттендирилсин;

Үчүнчү маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Качыбекова Айнура төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

Scanned by TapScanner

- Жазуу иштеринин нормативдери мугалимдердин август кенешмесинде каралып, талкууланып келди. Ар бир мугалим жазуу иштерин талапка ылайык жүргүзүүнү колго алыңыздар.

Жогорудагылардын баарын угуп талкуулап чогулуш

**чечим кылат:**

1.2022-2023-окуу жылында ар бир мугалим жазуу иштерин, жүктөмдөрүн жыл ичинде талапка жараша аткаруусу милдеттендирилсин.

2.Мугалимдер изденуу менен эмгектенип, чыгармачылык талапка ылайык жаңы технологияларды пайдалануу менен иш алып барышсын.

Катчы: Качыбекова А.К.

Scanned by TapScanner